# Төл жана бөтөн сөз. Тыныш белгилери



- Мугалим: Рыскелдиева А.З.

# Төл жана бөтөн сөз. Тыныш белгилери

1. А: «Т.»

Мисалы: Илияс айтты: **«Бүгүн сабакка даярмын.»**

**2. «Т,»-а. Мисалы: «Мен бүгүн сабактан көп нерсени үйрөндүм,» -деди Эрбол.**

**3. «Т »-а.**

**Мисалы: «Сабактан көп калтырган адам акылсыз » - деди Эрбол.**

**4. А: «Т,» -а.**

**Мисалы:Мадина менен Эрбол айтты: «Уйку менин жан досум болот.»**

**5. « Т,-а,-Т.»**

**Мисалы: «Менин түшүм,-деди Эрбол,- укмуш керемет.»**

**6. А: «Т,-а,-Т.»**

**Мисалы: Жамила айтты: «Менин түшүм,-деди Эрбол,- укмуш керемет.»**

1.

# Диалог . Тыныш белгилери.

**Акылдуу сокур**

Караңгы түндө бир сокур колуна чырак кармап келе жатты эле.

Жолдон өтүп бара жаткандын бирөө айтты:

- Мына бу акмак өзү сокур туруп, колуна чырак алат. Сокурга чырактын эмне кереги бар,- деп.

Ага экинчи бирөө жооп айтты:

- Жок , соку акмак эмес. Ал акылдуулугунан колуна чырак алып жүрөт. Болбосо, анны караңгыда бирөө жыгып кетпес беле,-деп.

(И.Арабаев)

# Тексттен байкагыла! Диалогдогу тыныш белгилер

Жаңыл өзүнүн түшүнө кирген эчкилерди жана аларды таанызды..

-Чоң эне!-деди ал жакын келип.

Кемпир аны көрүп, жыгач кесеси менен өйдө болду.

-Энең айлансын сенден –деди ал, Жаңылды өөп.

–Бу кандай шамал айдап келди сени мага?

-Мен биротоло сизге кыз болгону келдим,- деди Жаңыл.

- Атам менен апам жиберишти. «Кемипир карып калды, беш күн болсо да, тиричилигине каралашып, жүгүн жеңилдеткин, биздин кемпирге кыла турган жардамыбыз ушул»- дешти.

Чоң энеси Жаңылга таңдана карап калды. Ишендиби, ишенбедиби муну Жаңыл билген жок. Кемпир карап туруп, жылмайып койду.

-Атаң, ырас кылышыптыр, -деди анан, колундагы кесени Жаңылга суна.

-Ме, ысыгында ичип ал.

-Чийки бойдон элеби?

-Ич! Ич! Дары болот.

Жаңыл булоолоногн сүттү бир пас карап туруп, кесенин четинен бир шимирип алды. Аппак сүт чагылышып, анын ансыз да ак жүзүн андан бетер тунук, сулуу кылып көрсөтүп турду. Муну Жаңыл өзү да сезип турду.

- («Күнөстүү арал» М.Гапаров)
-